Б.К. Деркембаева,
К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ ТИЛИН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУДА СИЛЛАБУСТУН ОРДУ

2012–2013-окуу жылынан баштап Кыргызстандагы бардык жогорку окуу жайларында европалык стандарттын негизинде Болондук процесс киргизилип, окутула баштады. Ар бир предметтик сабакка силлабус иштелип чыгууда. Силлабус предметтер боюнча абдан кеңейтилген түрдө түзүлгөн. Ошондуктан силлабустун структурасы бир нече бөлүктөн турат.

Бишкек Гуманитардык университетинде кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутууга бул жаңы система боюнча 120 саат 8 кредит бөлүнүп, ар бир семестрде 30 саат 2 кредит окутулуп жатат (мурдагы окуу план боюнча 170 саат 3 семестр окутулчу). Кыргыз тили кыргыз элинин улуттук жана мамлекеттик тили катары башка предметтерге салыштырмалуу көбүрөөк саат бөлүнгөндүн ордуна, тескерисинче, сааттар кыскартылып калгандыгы өкүнүчтүү.

Силлабус жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги окуу программанын салттуу мазмундун жыйындысынан түзүлөт.

Негизги билим берүү программанын курамындагы силлабустун принциптүү өзгөчөлүгү аларды багытка салуунун компетенттүүлүгүнөн турат.

Силлабустун (жумушчу программанын) ар бир бөлүгүнүн мазмундуу иштелип чыгышы окутуучунун окуу-усулдук билим деңгээлинин компетенттүүлүгүнө көз каранды.

Кыргыз тилди үйрөнүүчүлөрдүн коммуникативдик-речтик компетенттүүлүгүнүн мазмунуна коюлуучу талаптар:

1. Коммуникативдик аракеттер жана речтик кырдаалдар:

1.1 Коммуникативдик тапшырмаларды чечүүдө кыргыз тилин үйрөнүүчүлөр төмөндөгүлөрдү билүүсү зарыл;

а) Жазуу түрүндөгү жана үн чыгарылып окулган -тексттерди кайрадан иштеп чыгууда өз оюн баяндоодо окуу-илимий маалыматтарды толук түрдө өздөштүрүүсү керек (оозеки жана жазуу түрүндө);

б) Окуу – илимий, кесиптик жана социалдык - маданий чөйрөдө мамиле кылууга байланыш жасап, катышуу керек (байланыш жасоонун абалы: практикалык сабак, аңгемелешүү, дискуссия, «пресс-конференция», «тегерек стол», илимий студенттик биригүүнүн жыйыны ж.б.):

• Такталган суроолорду берүү, кабыл алынган маалыматты корректирлөө;

• Алынган маалыматка баа берүү, макулдугун/ макул эместигин билдирүү;

• Бүдөмүк оюн билдирүү, башка бирөөнүн көз карашынын тууралыгына ишенгендик, ишенбегендик;

• жыйынтык чыгаруу, алынган маалыматты жыйынтыктоо.

в) Төмөндөгү түрлөр боюнча жазуу-кептик чыгармаларды түзүү: план, аннотация, тезис, билдирүү, конспект, реферат, арыз,өмүр баян, резюме, түшүнүк кат, ишеним кат, тил кат ж.б.

1.2. Речь кызматынын түрлөрү боюнча коюлуучу талаптар:

а. Угуп түшүнүү (аудирование).

Кыргыз тилди окутууда студенттердин речтик ишмердүүлүгүн калыптандыруу үчүн аудио – видео материалдарды сабакта колдонуу жемиштүү натыйжа берет. Угуу материалдарын сабакта колдонуу студенттердин кызыгуусун арттырып, окуу материалдарына эрксиз көңүл буруусун пайда кылат.

9. Жакшылык менен жамандык жөнүндө

Ат жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт.
Жаман атка жал бүтсө,
Жанына торсок байлатпайт,
Жаман эркек мал күтсө,
Жанына коңшу кондурбайт.
Жакшы көргөнүн айтат,
Жаман жегенин айтат.

10. Тууралык, адилдик жана карамүртөс – арамзалык жөнүндө

Ала жылкы жоголбойт,
Арамза да оңолбойт.
Калпычынын калпы да калп, чыны да калп.
Калп ырыска каршы, өмүргө жоо.
Бекерчиден безе кач,
Ушакчыдан көчө кач.

11. Үй-бүлө, тууган-урук жөнүндө

Атаңды сыйласаң, балаңдан сый көрөсүң.
Агайыңдын кадырын жалалуу болсоң билесиң,
Ата-эненин кадырын балалуу болсоң билесиң.
Келиндин жакшы чыгышы кайнененин ырысы,
Кыздын сулуу чыгышы бүткүл элдин ырысы.
Катын калса эр табат.
Бала калса мал табат.

12. Дос-душмандык жөнүндө

Досуңду тозокто сына, кашыктап суу береби,
Душманыңды жыргалда сына, кыстап уу береби.
Досуңан төө сура, уялганынан бээ берет.
Досу көп менен сыйлаш,
Досу жок менен сырдаш.

13. Байлык-кедейлик жана теңдик-теңсиздик жөнүндө

Байлык мурас эмес,
Жокчулук уят эмес.
Жоктун жону катуу,
Өгүздүн мойну катуу.
Эр жигит кедей болсо болсун, ooру болбосун.
Мал байдыкы, жан кудайдыкы.

14. Көйрөңдүк менен кичи пейилдик жөнүндө

Аттан түшсө да, үзөңгүдөн түшпөйт.
Бар мактанса табылат.
Дасторкону чоң бир наны жок.
Арадай жерге чарадай жыйын кылба.
Башы катуу болсо, аягы таттуу болот.
Төшөгүңө карай бут сун.
Уккан кулакта жазык жок.

15. Ышкыбоздук, махабат жана өң-чырай жөнүндө

Адам карыса да, көңүл карыбайт.
Көңүлдөн көңүлгө жол бар.
Сүйдүргөн да тил, бездирген да тил.
Жаштыктан ашар сулуулук жок.
Эркенин жашы кургабайт.
Жоолук тонго жарабайт, жолго жарайт.
Тазды таз десе күлкүсү келет.(4.78-б.).

Мына ушундай тематикалык багыттарга бөлүштүрүп кароо кытайлык кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгына мүнөздүү. Албетте, келтирилген макал, лакаптар белгилүү өлчөмдө гана алынган.

Бирок Кытайдагы кыргыздардын макал, лакаптары Кыргызстандагы өнүккөн идеологиялык жана саясий-тарыхый өзгөрүүлөргө туш болгон эмес. Маселен, Кыргызстанда социализм идеологиясы гүлдөп турган учурда элдик педагогиканын бүткүл идеологиясын ошол нукта өнүктүрүүгө багыт койгон. Ошол доордун идеологиясын чагылдырган макал, лакаптар коюлган талаптарга ылайык өнүгүп келген. Маселен, Кыргызстандын басма сөздөрүндө жарыяланган макал, лакаптардын тематикалык багыттары ошол доордун идеологиясына ылайык "Достук жөнүндөгү макал-лакаптар", "Ичимдиктин зыяндуулугу жөнүндөгү макал, лакаптар", "Атеисттик макал, лакаптар", "Партия, Ленин, коммунизм, Родина жөнүндөгү макал-лакаптар", "Эмгек жөнүндөгү макал, лакаптар" деп белгилүү ойчулдардын айтылган ойлорунун мисалында жарыяланган учурлар көбүрөөк кездешет. Мындай ойчулдардын ойлорун макал, лакап катары колдонуу айрым ишенимсиз пикирди жаратат, анткени ойчулдардын сөздөрү көбүрөөк учкул сөздөргө жакын келет. Ушул алкактан алып караганда кытайлык кыргыздар учкул сөздөрдү макал, лакап катары колдонгон учурлары көбүн эсе байкалбайт. Көбүнчө нукура элдик педагогикадан жаралган макал, лакаптар кездешет. Мисалы: "Атанын уулу ачтан өлбөйт, арнамыстан өлөт", - деген макалдын мааниси кайсы доордун учурунда жаралбасын өзүнүн актуалдуулугун жоготпой, эр азаматтардын намысын, патриоттуулугун көтөргөн идеологиялык тарбия экендигин далилдесе, кээ бир макал лакаптар таптык доордун учурундагы бир ирет эске салган макал, лакаптар кездешет. Мисалы:

Эр жигит кедей болсо болсун,
Оорулуу болбосун. же *Мал байдыкы, жан кудайдыкы.*

Ошондой эле, Кытайдагы кыргыздарда Кыргызстанда белгилүү болуп, эл арасына кеңири сиңип кеткен макал, лакаптардын жаңырып иштелген түрлөрүн да байкадык. Мисалы: "Элдин жеринде шер болгуча, өз элиңде кара жер бол", - деп Кытайдагы кыргыздарда берилсе, Кыргызстанда: "Бирөөнүн элинде султан болгуча, өзүңдүн жериңде култан бол", - деген макал кеңири айтылган. Демек, эки башка мамлекетте жашаган бир элдин арасында кылымдан-кылымга жашап келген макал-лакаптардын тарбиялык багыты бирдей болсо да, айрым учурларда ритмикалык ыраатуулугуна карата өздөрүнө таандык варианттардын жаралгандыгын байкадык.

Адабияттар

1. Закиров С. Кыргыз элинин макал-лакаптары. – Ф., 1962, 40-бет.
2. Махабат жөнүндө сөз (Сүйүү темасында макал-лакаптар, учкул сөздөр) – Б.: Учкун, 2003, 69-бет, Асаналиев Т. Эски макалдын жаңыланышы// Кыргызстан маданияты, 1988, 3-ноябрь, 16-бет; Согуш жылдарындагы макал-лакаптар// Чалкан, 1985, №1, 3-б.; Атеисттик макал-лакаптар //Жеңиш Туусу, 1983, 18-июнь, 4-бет; Макал-лакаптар (Партия, Ленин, Коммунизм, Родина жөнүндөгү – Пропагандисттик жана агитатордук блокноту, 1971, №18, 43-бет; Достук жөнүндө //Ленинчил Жаш, 19685-октябрь, 2-бет; Ичимдиктин зыяндуулугу жөнүндөгү макал-лакаптардан //Ден соолук, 1964, №11, 21-б.)
3. Адабият. 2-бөлүм. Толуксуз орто мектеп окуу китеби. / Түз. Токтонур Ааамат. – Үрүмчү: Шиңжаң агартуу басмасы, 2001, 205-бет.
4. Сөз берметтери. – Үрүмчү: Шиңжаң эл басмасы, 1996, 2-3-бет.